УДК: 821:82-65:82-155 (575.2) (04)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.08

**Ажыбаев А.**
**КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы**
**тил жана адабият институту**

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ ЭПИСТОЛЯРДЫК ФОРМАНЫН БАШАТ-БУТАКТАРЫ

**Кыскача мазмуну:** Бул илимий макалада кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма, анын жаралуу тарыхы, генезиси, башат-булактары тууралуу маалыматтар келтирилет. Себеби, ушул кезге чейин дүйнөлүк жана орус адабиятынын алкагында кеңири изилденип, бул багытта жарык көргөн адабий-көркөм туундулар окурмандардын купулуна толуп келгени менен кыргыз адабиятынын алкагында аталган форманын табиятына маани берилбей, атайын иликтөөлөр колго алынбай келген. Макалада эпистолярдык форманын башаты – элдик оозеки чыгармачылыкка барып такалары конкреттүү мисалдардын негизинде ачылып берилет. Анткени, “Манас” эпосу баштаган оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндө эпистолярдык формага таандык “Жарлык” каттары, “Буйрук” каттары өңдүү жанрдык түрлөрү кездешет. Бул жагдай, аталган форманын кыргыз адабиятындагы башатынын бир тарабын түзсө, Орток-түрк таш жазма эстеликтеринде, эпитафияларда кездешкен “Мурас” каттарынын, “Эскерүү” каттарынын орун алышы – эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы жазма үлгүсүнө мисал болуп, анын пайда болушунун экинчи тарабын туюндурат. Ал эми аталган жанрдын жазгыч акындардын чыгармачылыгында кеңири пайдаланылышы – эпистолярдык форманын башат-булактарынын үчүнчү тарабына түзөт деп айтууга негиз берет.

**Түйүндүү сөздөр**. Кыргыз адабияты, эпистолярдык форма, , кат, каттардын түрлөрү, типтери, генезис, эволюция, элдик оозеки чыгармачылык, таш жазма эстеликтери, жазгыч акындар.

**Ажыбаев А.**
**Институт языка и литературы**
**НАН КР имени Ч. Айтматова**

# ИСТОЧНИКИ ЭПИСТОЛЯРНОЙ ФОРМЫ В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

**Аннотация:** В данной статье представлены сведения об эпистолярной форме в кыргызской литературе, ее истории, генезисе и источниках. Это связано с тем, что до сих пор литературно-художественные произведении, изданные в этом направлении, широко изучались в рамках мировой и русской литературы, но в рамках кыргызской литературы не придавалось значения и специальных исследований не предпринимались. В статье на конкретных примерах раскрывается происхождение эпистолярной формы – устного народного творчества. Ведь в примерах устного творчества, начавшегося с эпоса «Манас», можно встретить такие жанровые типы, как письма «Указы» и письма «Приказы», относящиеся к эпистолярной форме. Если эта ситуация образует одну сторону происхождения указанной формы в кыргызской литературе, то письма «Наследие» и письма «Воспоминание», встречающихся в каменных памятниках и эпитафиях обще тюркских народов, является примером письменного образца эпистолярной формы в кыргызской

литературы и выражает другую сторону ее возникновения. А широкое использование упомянутого жанра в произведениях поэтов-письменников дает основание говорить о том, что это третья сторона истоков эпистолярной формы.

**Ключевые слова:** Кыргызская литература, эпистолярная форма, генезис, устное народное творчество, памятники каменной надписи, поэты-писатели.

**Azhibaev A.**
**Institute of Language and Literature**
**named after Ch. Aitmatov NAS KR**

## SOURCES OF THE EPISTOLARY FORM IN KYRGYZ LITERATURE

**Abstract:** This article presents information about the epistolary form in Kyrgyz literature, its history, genesis and sources. This is due to the fact that until now the literary and artistic works published in this direction have been widely studied in the framework of world and Russian literature, but in the framework of Kyrgyz literature no importance was attached and no special studies were undertaken. In the article, the origin of the epistolary form - oral folk art - is revealed on specific examples. After all, in the examples of oral creativity, which began with the epic “Manas”, it is possible to meet such genre types as the letter “Ukazy” and the letter “Prikazy”, which belong to the epistolary form. If this situation forms one side of the origin of the specified form in Kyrgyz literature, then the letter “Inheritance” and the letter “Memory”, found in stone monuments and epitaphs of all Turkic peoples, is an example of a written sample of the epistolary form in Kyrgyz literature and expresses the other side of its origin. And the wide use of the mentioned genre in the works of poets-writers gives reason to say that this is the third side of the origins of the epistolary form.

**Keywords**. Kyrgyz literature, epistolary form, genesis, folklore, monuments of stone inscription, poets-writers.

Улуттук адабияттагы эпистолярдык жанрдын генезиси элдик оозеки чыгармачылык менен байыркы орток - түрк урууларына таандык таш жазма эстеликтерине барып такалат деп айтууга толук негиз бар. Анткени, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнөн эпистолярдык жанрдын ар түрдүү формаларын көрүүгө болот. Айталы, С. Орозбаковдун вариантындагы “Манас” эпосунун “Чоң чабуул” бөлүмүндө алты элчини Манас кандарга жөнөтүп, колдоруна кат жазып карматканы:

Мен, канкор Манас деп айтат,
Тилимди билген калайык
Тилим менен келсин деп,
Тил билбеген журт болсо,
Тилмечи жооп берсин деп,
Катымды көрүп келсин деп,
Канкор Манас деп жазган,
Атымды көрүп келсин деп,

Акыл айттым, ойлонгун,
Ары чети болжолум
Так кырк күндө келгин деп,
Ал кырк күндөн калганың
Талкаландың, билгин деп.
Үрпөк баштуу туу келгин,
Үстүн-астын чуу келгин,
Үйөр аккан суу келгин,
Үпчүн кийген эр келгин,
Кара куйрук шер келгин,
Айдама шыңга кол келгин,
Азаматың мол келгин.
Баксасы бийик дубалмын,
Майышпасаң, басып чык,
Бариги алтын чынармын,
Балтаң өтсө кесип жык.
Жалгызың кой да, жаамың кыл,
Жетөөң эмес жети кан,
Жетимишиң чогулуп,
Жеңер жериң камын кыл! [ 8, 36 ]

Эпостогу Манастын жети канга жазган катынын мазмуну жанрдык жактан “Өкүм каттарынын” катарын толуктап турат. Айта кетүүчү жагдай, элдик оозеки чыгармачылыкта эпистолярдык форманын “Жарлык каттары” да кездешет. Буга “Манас” эпосунун аталган бөлүмүндөгү төмөнкү кат далил боло алат:

Катчыга катын жаздырып,
Касиеттүү эр Бакай
Калдайта мөөр бастырып,
Ажыбай менен Серекке
Жарлык катын тийгизип,
Эки чопкут кийгизип,
Эки жорго мингизип,
Касбайырдын кара атын,
Карк алтын доол байлатып,
Кандын атын шайлатып,
Куру келген кулдарга
Кубантып үч ат айдатып,
Эр Бакай жолго салыптыр. [ 8, 120 ]

Эпистолярдык форманын эпикалык чыгармаларда орун алышы кокусунан эмес. Себеби, кат адамзат жаралгандан бери маалымат алмашууга кызмат кылып келе жаткан эң башкы каражат. Ал тургай, анын жагдай-шартка ылайык келген ар түрдүү формаларынын болушу – аталган жанрдын коомдук турмушундагы акуталдуу ордун, баа жеткис баркын жана байыркылыгын айгинелеп турат.

Эпистолярдык жанрдын пайда болуусунун дагы бир бутагы тарыхтагы таш доорунан бери белгилүү болгон байыркы полеолит доорундагы, кийин орто кылымга таандык делген Орхон-Енисей руникалык жазуулары менен тыгыз байланышта кароого негиз бар. Бир караганда, жөнөкөй эле жан-жаныбарлардын, адамдардын, колдонулган буюм-тайымдардын элеси чегерилгени менен, чындыгында, таштагы сүрөттөрдүн купуя, баа жеткис сырларды камтып тургандыгын окумуштуулар бир ооздон белгилешет. Айталы, изилдөөчү А. Кондратов: “Но ясно одно: уже с самых первых лет существования человеческого общества у людей появилась потребность не только в звуковом языке, но и в “языке рисунков” [ 6, 16 ], – дейт.

“Сүрөттүү каттар” деген теминдин өзүндө эле эпистолярдык башат тургандыгын баса белгилөө керек. Анткени, пиктографиялардын пайда болушу “жөн жеринен эмес” экенин, аларда каттык маани жаткандыгын окумуштуулардын көбү моюнга алышат. Алыска узабай, Саймалы-Таш сүрөт - жазма сырларын талдоого алган изилдөөчү Л. Жусупакматов: “...мындай жазмалардын топтолушу жана окулушу зарыл. Өзгөчө, булардын каттык түзүлүшүн билүү абзел” [ 3, 5 ], – деп эсептейт.

Өзүнө чейинкилердин ой-пикирлерин системага салуу менен окумуштуу В. А. Истрин сүрөттүү каттардын генезисин адабий-көркөм жана таанып билдирүүчүлүк башат менен байланыштырып: ”они представляют собой первоначальные попытки первобытного человека обобщить свои наблюдения, отобразить в рисунках те явления окружавшей его действительности, которые вызывали у него наибольший интерес, имели для него наибольшее жизненное значение” [4, 5] – деп бекемдейт.

Чынында, Саймалуу-Таш сүрөт жазма комплекси болобу, же Орхон-Енисей руникалык жазуулары болобу, алардын мазмунунда камтылып турган ой биз талдоого алып жаткан эпистолярдык форманын жазма үлгүсүнүн башат-булактарын түзөт деп ишенимдүү айтууга негиз берет. “Аталган таш эстеликтердеги жазуулар жөн гана жазылып коюлган байыркы тарыхый, адабий, маданий маалымат эмес. Белгилей турган эң башкы нерсе, бүгүнкү тил менен айтканда, бул жерде түрк элин, түрк улутун, түрк мамлекеттүүлүгүн сактоонун өзүнчө бир концепциясы берилген жана мамлекеттен айрылуунун, улуттукту жоготуунун жана алардын кайра жаралуусунун ачуу сабагы тартууланган. Ал эми бүгүнкү күндө ар бир калк үчүн өзүнүн улуттугун, мамлекеттүүлүгүн сактоодон ашкан ыйык маселе болбосо керек” [ 2 ] – дейт, окумуштуу С. Байгазиев.

Орхон-Енисей таш жазма эстеликтерин талдай келгенде, анын мазмунунан “Осуят”

каттарынын, “Эскерүү каттарынын” үлгүлөрүн көрүүгө болот. Айталы, Күл-Тегиндин эстелигинин автору таш бетине тандалып чегилген сөздөрдү, ойлорду, жазылган тарыхты түрк элдери үчүн, дегеле жалпы адамзат үчүн өтө керектүү, түбөлүктүү мааниге эгедер, кылымдар карыта албас, өлбөс-өчпөс дөөлөт, таалим, сабак деген ишенимде болгон.

Фольклор менен эпитафияларда кездешкен эпистолярдык форманын Орток түрк адабиятында орун алышы аталган жанрдын ошол доордогу адабият үчүн да актуалдуу болгондугун айгинелеп турат. Буга себеп, ошол доордун алгачкы жылдарында коомдук маанилүү окуяларды, жанаша жашаган кошуна калктар менен болгон алака-катыштарды, каада-салт менен дүйнөтаанымды жазма адабий мурас катары жазып калтырышкан Махмуд Кашкаринин, Баласагындык Жусуптун эмгектери “...бир мезгилде бир тилде жаралган, атайылап эле биринин ажарын бири ачкан” [ 7, 8 ] баа жеткис байлык экендигин көрсөтөт.

Баласагындык Жусуптун дастанынын “Куттуу билим” аталышы да бекер болбоптур. Анткени, кут – “бакытка, гармониялуу турмушка жетүүнүн бирден-бир жолу, кут - бакыт менен билимдин өз-ара карым-катышы, диалектикасы. Кылымдарды карыткан көптөгөн муундардын акыл - эсинен ныкталган билимдердин системасы өзүнүн табияты боюнча Кут, Бакыт болуп эсептелет” [ 6, 17 ]. Ал эми куттун катка сыйдырылышы – символикалуу десек ашепке болбос. Себеби, бул чыгарманын өзөгү Акдилмиш менен Өткүрмүштүн суроо-жоопторуна, диалогуна жана да кат алышууларына негизделет.

Катка сыр катылып, сырдын маңызын акылман жандырат. Андыктан, эмгектин өзү да, ойчулдун мүдөөсү боюнча билимдүү адамдарга арналган, анын тереңинде катылган каттык ойдун мазмунун, билимсиз түркөй адам түшүнбөйт деген нуска дастандын киришүүсүндө ачык эле айтылат.

“Кутуу билимдин” жалпы мазмуну “насаат каттардын” үлгүсүнө дал келип, анда колдонулган каттар дал ушул акыл-насаатка басым жасайт. Айталы, “Күнтууду Өткүрмүшкө кат жазып, аны кантип жөнөткөнү туурасындагы” бөлүмдө кат формасы мазмундук жактан үч бөлүктөн туруп, анын биринчисинде “Баштадым мен катымды кудайым деп, Ар түрлүү кырсык болсо жардамы көп”, деп, бул ааламды тегиз жараткан кудайга кулдук уруп, кудай жазган тагдырга моюн сунуу – адам парзы деген бүтүмгө токтоп, андан соң, саламдашууга кезек берилет:

Эң обол саламымды айтам саган,
Жүрүшүңдү тилеймин эсен-аман.
Дениңиз соо, жашооңуз болуп бүтүн,
Жүрөсүзбү көтөрүп турмуш жүгүн?
Укканмын, сен тууралуу жакшы сөз көп,
Акыл-ою адамга теңдешсиз деп.

Кудайым сага аябай берген экен,
Акыл эсти айрыкча, ченебеген.
Сен тууралуу көп угуп мактоо кепти,
Ак жүзүңдү эңседим, көргүм келди.
Бул кабарды Акдилмиш барат алып,
Айта турган сөзүмдү ук кулак салып! [ 7, 342 ].

Саламдашуу салтынан соң, каттын маалыматтык бөлүгүндө Өткүрмүштүн ал-абалы, дос-туугандарынан безип кетүү себептери, кечилдиктин түбү-кесирлик тууурасындагы маалыматтар келтирилет:

Мен уксам, тууган-достон алыстапсың,
Жолобой элге, жерге неге качтың?
Кетипсиң тоо ичине жалгыз өзүң,
Соопчулук ишинин жолу узун.
Эмне кылды өзүңө туугандарың,
Туугандан ак жүзүңдү неге бурдуң? [ 7, 246 ].

Каттын кийинки бөлүгү Күнтуудунун Өткүрмүшкө берген акыл-насааты, илим-билимдин орду, пенде менен жараткандын ортосундагы байланыштын маңызын түшүндүрүү жагдайындагы кеп-кеңештерге жык толгон:

«Кудай деп сыйындыңбы — алгын билим,
Илим ачат дүйнөнүн эшиктерин.
Билим менен иштесең пайда берер,
Билимсиздин эмгеги — түйшүк бекер.
Алданып өзүңө өзүң жүрөсүң сен,
Бул ишиң — кур убара болор бекен,
Эсиңе тут, маанисин сиңирип ал:
«Жакшы адам ички сырын катып жүрөт,
Жүз жыл кылса зиярат аз деп билет. [ 7, 246 ].

Албетте, Күнтуудунун катына Өткүрмүштүн жообу бар. Ал "Жооп каттын" мазмуну бир нече бөлүктөн туруп, адегенде, жандуу - жансыздын баарын жараткан кудайдын кудурети сыпатталат, андан соң, Күнтуудунун катын окуп, акыл-насаат сөздөрүнө кубанганы менен, мындай сыйдын зыяны тууралуу субъективдүү ойлор ортого салынат:

Бирок мунун зыян жагын карагын,
Барсам сага кийин тийээр залалым.
Биринчиден — билбеймин иштин жайын,
Кызматым кыйын болоор элге дайым.
Экинчиден, бул дүйнө катаал экен,
Чагымынан күнөөгө батаар бекем?

Ичер тамак, киерге кийим демек,

А мага мындан бөлөк эмне керек! - деп Күнтуудунун сунушунан баш тартат.

Көрүнүп тургандай, аталган дастандагы колдонулган эпистолярдык форма антикалык доордон бери келе жаткан насаат каттарынын талаптары менен үндөшүп турат.

Кат формасы, мындан сырткары, акындардын жана жазгыч акындардын чыгармачылыгында да орун алат.  Айталы, Казыбектин куугунтукта жүрүп, камакта жатып жазган кат формасындагы ырлары бар. “Казыбектин карындашы Калдыкка түрмөдөн кайрат айтып жазган каты”, “Казыбектин аялына жазган каты”, “Казыбектин Беккелдинин кызына жазган каты”, “Казыбектин Сталинге жазган каты”, “Оренбургдан жазган кат” деген ырлары жазгыч акындар чыгармачылыгындагы эпистолярдык жанрдын ыр түрүндөгү формасына мисал боло алат.

Казыбек казалчынын абак темасы анын кейиштүү өмүр-таржымалындагы камалган учурларын таамай көз алдыга тарткан эпистолярдык формадагы ырларынан ачык баамдалат.

“Казыбектин аялына жазган каты” деген ыры эпистолярдык форманын ыр түрүндөгү кайрылуу формасына кирет. Ырдын мазмуну: автордун өткөн мезгилди эске түшүрүүсү, эл-жерине болгон сагынычы, энесине болгон кусалыгы, баласыз болгонуна кейүүсү, аялына болгон сагынычы жана кайтып келүү тилегин камытса, ырдын тексти –  монологго негизделген. Ал эми темасы – жароокер сүйгөнүнө кайрылуу, ал-жайын билдирүү, сураныч, өтүнүч келтирүү менен тыгыз байланыш.

Казыбек казалчынын чыгармачылыгындагы көңүл бура турган көрүнүш академик А.Акматалиевдин пикиринде: “...көркөм сөздүн ээси болгон инсан бир эле мезгилде кыргыздын акын-ырчыларына мүнөздүү болгон салттык ыкта ырдоосу жана ошол эле учурда өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрүүсү. Болгондо да басымдуу көпчүлүк учурларда оозеки ырды ошол калыбында гана фиксациялап койбостон, формалык ыгын өзгөртүп, кат жүзүндө маалымдаган кабар-аңгемеге айлантып берүү, ушул аркылуу акын бир учурда өз ички сезим-туюмдарын баяндаган лирикалык чыгармалардын жана “сырттан байкоочу катары” көргөндөрүн, билгендерин көркөм тизмектеген эпик катарындагы милдеттерди аткарып туруусу” [ 1, 246 ], – деп белгилейт.

Казыбек казалчынын абак темасы анын кейиштүү өмүр-таржымалындагы камалган учурларын таамай көз алдыга тарткан эпистолярдык формадагы ырларынан ачык баамдалат. Демек, казалчынын кат формасына кайрылуусу – Самар Мусаевдин баамында: “...качкында жүргөндө, камакта отурганда, журтуна салам-дуба түрүндө кат жазуу зарылдыгы келип чыккандыгы” [ 5, 4 ] менен байланыштырылат.

Жыйынтыктап айтканда, эпистолярдык форманын үлгүлөрүн элдик оозеки

чыгармачылыктын үлгүлөрүнөн, эпитафиялардан, орток түрк адабиятынан жана жазгыч акындардын чыгармачылыгынан көрүүгө болот.

**Адабияттар**

1. Акматалиев А. Байыркы орток түрк адабиятынын очерки. –Б., 2001.
2. Байгазиев С. Орхон-Енисей жазууларынын осуяты/ «Кутбилим», 22.01.2016.
3. Жусупакматов Л. Саймалы-Таш сүрөт жазма сырлары. –Б., “Илими”, 1999. 5-бет.
4. Истрин В. А. Происхождение первоначального письма и его особенности / Развитие письма, – М.,-1999, 5-бет.
5. Казыбек. / Түзгөн: Мусаев С. – Б., 2007. 37-бет.
6. Кондратов А. Что такое пиктография? / Книга о букве., Изд-во./Советская Россия, –М.,-1975.
7. Куттуу билим: Дастан / Байыркы түрк тилинен котор. Т. Козубеков; Сүрөтчүсү А. Акматов. –М., 1993.8-бет.
8. Манас IV китеп, “Кыргызстан” басмасы, – Б., 1982. 36-бет.
9. Бакирова Г. С. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма жана анын табияты. – БМУ Жарчысы. №1 (47) – Б., 2019. 59-61-бб.